КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
АЛА-БУКА РАЙОНУ
АК-ТАМ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛА-БУКИНСКОГО РАЙОНА
АК-ТАМСКАЯ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕША

Ак-Там айылы | с.Ак-Там

**Ак- Там айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын XIII кезексиз сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

13- март. 2023-жыл. № 13/ 2

**“Жергиликтүү деңгээлде кызматтарды жакшыртуу” долбоорунун алкагында, кичи грант катары берилип жаткан акча каражатын кириштөө тууралуу**

Ак-Там айылдык кеңешинин бюджет, каржы жана инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясынын:Швейцария өкмөтү тарабынан каржыланган, Хельветас жана Өнүктүрүү саясат институту тарабынан жүзөгө ашырылып жаткан “Жергиликтүү деңгээлде кызматтарды жакшыртуу” долбоорунун 2-фазасын аткарууда, аталган долбоор менен кызматташуу боюнча түзүлгөн 3 тараптуу макулдашуунун алкагында, кичи грант катарында берилип жаткан 18000(он сегиз миң) сом акча каражатын кириштөө тууралуу билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Ак-Там айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Швейцария өкмөтү тарабынан каржыланган, Хельветас жана Өнүктүрүү саясат институту тарабынан жүзөгө ашырылып жаткан “Жергиликтүү деңгээлде кызматтарды жакшыртуу” долбоорунун 2-фазасын аткарууда, аталган долбоор менен кызматташуу боюнча түзүлгөн 3 тараптуу макулдашуунун алкагында, кичи грант катарында берилип жаткан 18000(он сегиз миң) сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө кириштелсин.
2. Аталган 18000(он сегиз миң) сом акча каражатын жергиликтүү бюджеттин тиешелүү статьясына жайгаштыруу боюнча, КРнын каржы министрлигинин Ала-Бука райондук каржы бөлүмүнөн суралуусу боюнча керектүү иш кагаздарын даярдоо жана ишке ашыруу –айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы Х.Кочербаевге милдеттендирилсин.
3. Аталган гранттык сумманы максаттуу пайдалануу боюнча иш алып баруу-айыл өкмөтүнүн инвестиция тартуу адисине тапшырылсын.

   Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Там айылдык кеңешинин бюджет, каржы жана инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Ак-Там айылдык кеңешинин төрагасы** **А.Осмонов**